Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# ИСЛАМДА ҮММӨТ ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Самаган Мырзаибраимов**
теологиянын доктору,
саяс.таан. илим. кандидаты.
s.myrzaibraimov@gmail.com

**Özet**

Günümüzde dünyada Ulus temelinde kimlik tanım meselesi önemli olduğu bellidir. Bu sorun çoğun müsülmanlar oluşturan devletlerde oldukça oldukça önemlidir. Çünki İslam dinin modern ulus anlayışına olan bakış açısı yeterli derecede çözülmemiş ve ondan dolayı farklı fikirleri ileri sürmektedirler. Bu sorunu çözmede ilk önce İslamdaki ümmet anlayışını incelemek gerekir. Ümmet kavramı aracılığıyla her hangi bir müsülmanların ulus özelliklerine sahip olmasına dini inancın etkisini ve bakış açısın belirtmek mümkün olacaktır.

**Anahtar kelimeler:** Ümmet, ulus, kimlik, İslam ve kimlik, millet.

Соңку жылдарда дүйнө жүзүндө Ислам динин тутунгандардын сандык жана сапаттык жактан көзгө көрүнөөрлүк деңгээлде жогорулагандыгы байкалууда. Америка жана Европа өлкөлөрүндө негизинен мусулмандардын адам укугуна байланыштуу жана экономикалык мүнөздөгү талаптары орчундуу болуп, бул мамлекеттер мусулмандардын диндик негизге таянган укуктук-экономикалык талаптарын аткарууга мажбур болушууда. Тагыраак айта турган болсок, Франция, Германия сыяктуу алдыңкы батыш өлкөлөрүндө орто жана жогорку окуу жайларда мусулмандардын укугун коргоо, бул окуу жайларда Ислам динин үйрөнүүгө шарттарды түзүү сыяктуу талаптары күч алууда жана актуалдуулугун сактоодо. Экономикалык талап катары Европадагы Исламдык негизде иш алып барган банктардын көбөйүүсүн көргөзүүгө болот. Ал эми Азияда Ислам динине негизделген талаптар башкачараак. Азиядагы мамлекеттерде негизинен мусулман катмар басымдуулук кылгандыгына байланыштуу, талаптар укуктук негизге гана таянбастан мамлекеттик структуралык деңгээлдеги саясий мүнөзгө да ээ болууда. Айрыкча, борбордук азия мамлекеттеринде Ислам өкүмдөрүнүн негизинде мамлекет түзүү кыймылдары да пайда болгон. Ошол эле мезгилде бул аймактарда Ислам маданиятынын эгемен болушу жана акыркы мезгилдерде аймак

жашоочуларынын Ислам динине болгон сабаттуулук даражасы аймактагы саясий-социалдык абалга таасирин тийгизбей койбойт. Албетте, мындай көрүнүштөрдүн негизинде диний-Исламдык терминдер да актуалдуу боло баштады. Мындай терминдердин бири катары үммөт терминин алып кароого болот.

Үммөт термини этимологиялык негиз менен тыгыз байланышта болгондуктан үммөт сөзүнө кыскача токтоло кетишибиз керек.Үммөт сөзү арап тилинде көп тараптуу колдонулат. Үммөттүн сөздүк мааниси улут, жамаат, эне, личность, коом, дин, жол, заман, убакыт, жаратыктардын түрү сыяктуу сөздөр менен коштолот. Көрүнүктүү арап филологу Ибн Манзур өзүнүн *Лисанул Арап* аттуу көп томдук эмгегинде негизинен үммөт сөзүнүн төмөндөгү маанилерин бири-бири менен байланыштырат.

Үммөт энени туюндурган умм (үмм) сөзү менен уңгусу бир болуп эсептелет. Ушул мааниге таянуу менен үммөт сөзүн уруктук негизде аныктама берип, этностук маани катары караган көз караштар да бар.

Үммөттүн дагы бир мааниси арапча «карн» сөзү аркылуу түшүндүрүлөт. «Карн»- «мезгил», «доор» жана ошондой эле күчтөрдүн биригүүсү (каарана), байланыш деген маанилерди камтыйт.

Үммөт сөзү адамдарды гана эмес, бүткүл жандыктарды камтыган мааниде да колдонулат.

Жогорудагы күчтөрдүн биригүүсү бир канча күчтүн биригүүсүн туюндургандай эле, бир адамда күчтөрдүн биригүүсүн да туюндурат. Ханафи аалымы Имам Мухаммед Шайбани : Арабдар күчтөн тайбаган алдуу күчтүү карыяга үммөт деп айткан жана бул жакшы нерсени түшүндүргөн. Күчтүн топтолушу, алдуу күчтүү болуу албетте жакшы нерсе деп айткан.

Үммөт сөзү азыркы учурда колдонулган имам сөзү менен да байланыштырылып түшүндүрүлөт. Анткени, эки сөздүн тең уңгусу бир. Имам лидер, алдыңкы катардагы, жол баштоочу деген мааниге келет. Мындайча айтканда коом менен байланышы бар.

Үммөт сөзүнүн өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүккө ээ болгон личность мааниси айрыкча көңүлүбүздү буруудa.

Ибн Манзур жогорудагы сөздөрдүн бардыгынын түпкүрүндө амма максат кылуу мааниси жаткандыгын баса белгилейт. Динде үммөт дегенде бир максатты көздөө, мындайча айтканда, Кудайдын жаратуучулугуна жана ушул жаратуучулуктун негизинде келип чыккан максатка умутулуу дегенди түшүнүү керектигин айтат. [1]

[1] Ибн Манзур. *Лисанул Арап*. –Бейрут: Даару Саадат, 12-том. 26-бет.

Үммөт сөзүнүн жогорудагы маанилери негизинен Куранда да камтылган. Куранда улут, калк, үй-бүлө, бирдей ишеничке таянган коом, бүтүндүн бир бөлүгү болуу менен биргеликте башка түрдүү кулк-мүнөзгө ээ көпчүлүк, уруу, лидер деген маанилерде колдонулат. Ислам адабаияттарындагы аныктамалар Курандагы маанилери менен тыгыз байланышта экендигин баса белгилеп кетүү керек. Курандын негизинде келип чыккан эң негизги аныктамасы, үмөттүн белгилүү бир ишеничке ээ адамдардын биримдиги катары сүрөттөлүүсү.

Ислам адабиятында жогорудагы аныктамалардын негизинде түптөлгөн үммөт терминин негизинен эки түрдүү аныктасак болот. Биринчиси, үммөт сөзүнүн моралдык аныктамасы. Бул саясий-укуктук негизге карабастан, кандайдыр бир аймак жана мезгилге да баш ийбестен диндин ритуалдык негизине таянган аныктама. Бул аныктама бир мамлекеттеги мусулмандарды баяндагандай эле бүткүл мусулмандарды да ичине камтыйт. Мисалга, Борбордук Азиядагы бардык мусулмандар улутуна, кайсыл мамлекеттин атуулу экендигине жана жынысына карабастан, Мухаммед пайгамбардын үммөтү катары бааланып, бири бирине бир туугандай мамиле кылуулары керек экендиги моралдык милдеттүүлүк болуп эсептелет.

Түрк Ислам укукчусу Хайреддин Караман үммөттүн бул аныктамасына төмөндүгүчө баа берет: Инсандын өзүнүн (этникалык негизге таянган) уруусу жана улутун сүйүп, жакындап, аларды туу тутушу табигый көрүнүш болуу менен биргеликте Ислам мамлекетинин личность түшүнүгүн бирдей динди тутунган адамдар (мусулмандар) түзөт. Ислам улуту же болбосо үммөтүнө кирүү үчүн белгилүү бир этникага, белгилүү бир аймакка же болбосо бирдей өтмүшкө жана үрп-адатка жана ошондой эле бир мамлекетке ээ болуу шарты жок болуп, болгону инсандын Исламды кабыл кылуусу менен чектелет. Мусулман дүйнөнүн кайсыл жеринде болбосун, Ислам үммөтүнүн мүчөсү жана бардык мусулмандар бир тууган болуп эсептелет. Буга мисал катары адамзатынын теги боюнча бардыгы бирдей экендиги, айырмачылыктын кудайга кулдук аркылуу белгилене тургандыгы (Хужуураат сүрөсү 13-аят), тууган, үй-бүлө, уруу жана кызыкчылыкка негизделген байланыштардын, Кудай жана пайгамбардын сүйүүсүнөн дагы жогору болбостугун (Тооба сүрөсү 24-аят), кыймыл-аракети туура болбогон, башка идеологияларды тутунган адамдардын бир атадан келсе да (Ислам) үй бүлөсүнө кирбестигин эске алуу керек[2]. Хайреддин Карамандын бул көз карашы негизинен үммөттүн моралдык аныктамасын баяндайт. Мындайча айтканда бир динди тутунгандарды түшүндүрүп, Ислам үммөтү же болбосо

[2] Хайреддин Караман. Ислам Хукуку. -Стамбул, 1993. 184-б.

Мухамеддин үммөтү деп да аталат. Эгер Мухамед пайгамбарды мамлекет башчысы катары карай турган болсок, бул көз караштa саясий маанинин камтылгандыгын да айтууга болот. Бирок негизинен бул көз караш жогоруда айтылгандай, үмөттүн моралдык аныктамасы болуу менен бирге үмөттүн башка аныктамаларына бөгөт койгон өзгөчөлүккө ээ. Ошондуктан, биз бул көз караштыb туура бирок тар мааниде колдонулгандыгын белгилеп кетишибиз керек. Анткени, үммөт термини ар түрдүү дин ээлеринин бир мамлекетте жашаган учурун да туюндурат. Ал эми үммөттүн моралдык аныктамасы экинчи маанидеги укуктук-саясий аныктаманы четке какпастан, анын моралдык негизи катары каралуусу керек.

Ал эми үммөт терминин экинчи укуктук-саясий аныктамасында, Ислам дининин өкүмдөрүнө таянган мамлекеттеги бардык атуулдарды жана ошондой эле, мусулман улут, мамлекетердин жана жеке личносттордун укуктук негизге таянган биримдик жана уюмдарын атоого болот. Рагып ал-Исфахани үммөттүн укуктук-саясий аныктамасын күчтөндүргөн "дин, аймак жана мезгилдин талаптарынын негизинде, кандайдыр бир себеп менен, өз каалоосу менен же болбосо мажбур түрдө биргелешкен көпчүлүк" маанисинде колдонот[3]. Демек, үммөт өз каалоосу менен же болбосо мажбур түрдө бир жерде, бир убакта бир диндин (структуранын) өкүмдөрүнө баш ийген адамдардын топтому. Албетте бул жерде диндин ритуалдык эмес структуралык мааниси негиз катары каралыш керек. Мындайча айтканда, динди өзүнө тиешелүү дүйнө таанымы, баалуулуктары топтому жана бул баалуулуктардын системалуу түрдө практикада колдонулушунун негизинде мааниге ээ болгон структура катары кароо зарыл. Кээ бир убакта өзүнө таандык, ааламга жана жашоого болгон көз карашын, жашоо модели катары колдонгон личносту жана коомду туюндурган учурлар болот. Ошондуктан капиталист, социалист сыяктуу идеологиялардын негизинде түзүлгөн коомдорду да үммөт катары кароо мүмкүнчүлүгү жаралат. Ал эми бул аныктама жогорудагы үмөттүн моралдык жана укуктук-саясий аныктамаларынын негизин түзөт. Анткени, эки учурда да коом бир багытты көздөгөн жана өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен башкалардан айырмаланып турган личносттук түптөлүү менен гана мааниге ээ болот. Личность катары үммөт өзүнүн дүйнө таанымын жарата алган, ошонун негизинде максат кое билген жана белгилүү максаттарга жетүү үчүн бирдиктүү иш алып баруунун негизинде системалуу түрдө структуралашкан коомдук форма боло алат. Макалабыздын башында айтылгандай,

[3] Абул-Касым Хусаин ибн Мухаммед ибн Муфаддал Рагып ал-Исфахани (өлгөн жылы: 1108). Муфредаату алфаазил Куран. –Димашк: Даарул-Калам, 1996. 1-том. 84-бет.

үммөттүн личность катары каралган маанисин ушул жерде эске сала кеткен оң. Үммөт сөзүн юридикалык термин катары алгачкы ирет Мухаммед Пайгамбардын Мадина антташуусунда кездештиребиз. (Мадина антташусу Ислам тарыхында өзгөчө мааниге ээ. Анткени Алгачкы Ислам мамлекети ушул Мадина келишиминин негизинде Мухаммед Пайгамбардын да катышуусу жана анын мамлекет башчысы катары кабыл алынуусу менен түзүлгөн. Бул келишим Мадина шааарындагы мусулман жана мусулман эмес атуулдардын укуктарын жана милдеттерин белгилеп, системалуу түрдө иш алып барууну жана ушуга окшогон бир канча укуктук саясий маселелерди камтыган жазуу түрүндөгү юридикалык негиз болуп эсептелген. Бул тарыхый келишим көптөгөн укукчулар тарабынан жалгыз гана алгачкы Ислам конституциясы эмес, ошол эле мезгилде дүйнөдөгү алгачкы жазуу түрүндөгү конституция катары кабыл алынган. Анткени, мурдагы Аристотелдин, Конфуцийдин жана Кафтилиянын эмгектери, бийлик менен калктын ортосундагы келишим эмес, болгону ойчулдардын насыяты болуп эсептелет. Аристотелдин Афина конституциясы мамлекеттин болжолдуу тарыхый сүрөттөмөсү болгондуктан, келишимдин негизинде түзүлгөн чыныгы юридикалык документ болуп эсептелбейт.) Бул антташуунун негизинде Мадинада жашаган еврей жана башка кээ бир муслуман эмес урууларды да камтыган "бир үммөт" (умматул-вахида) туурасында айтылат. Булардын бир үммөт болуп аталуусунун себеби; бир өлкөдө (Мадина шаарында), Мадина келишиминин негизинде бирдиктүү жашоону максат кылгандыгында жатат.

Ал-Маталиб вал-Мазахиб аттуу чыгарманын туркчө котормосуна кириш сөз жазган Елмалы Хамди Языр үммөт сөзүн имам-лидер-башкаруучу сөзү менен биргеликте алып кароону сунуштайт жана үммөт сөзүн саясий биримдүүлүккө таяндырат. Анткени имам сөзүнүн түпкүрү да үммөт сөзү менен байланышып турат[4]. Ислам дининин өкүмдөрүнө таянган мамлекетке Ислам укугунда "Даарул-Ислам" (Ислам өлкөсү) деп аталган. Таанымал Ислам укукчусу Шамсулаимма Сарахси, Даарул-Исламды Ислам өкүмдөрүн колдонгон өлкө катары ачыктап, өлкөдөгү мусулман калктын санына маани бербейт[5].

Мындайча айтканда, дини, ата-теги сыяктуу факторлорго карабастан, өлкөнүн бардык атуулдары Ислам өкүмдөрүнө баш ийип,

---

[4] Paul Janet, Gabriel Seailles. Маталиб ва Мазахиб: Метафизик ве Илахият. (оригинал аты: Histoire de la philosophie: les problems et les ecoles), которгон: Элмалы Хамди Йазыр. – Стамбул, 1978. 5-бет.

[5] Абу Бакир Шамсулаимма Мухаммед ибн Ахмад ибн Абу Сахл Ал-Сарахси (өлгөн жылы: 1090). Китабул-Мабсут. -Стамбул, 1993. 10-том. 8-бет.

үммөт статусунда каралат. Моралдык негиздеги үммөт термининин структуралык чагылдамасы болгон укуктук-саясий үммөт аныктамасы күнүбүздө кээ бир Ислам мамлекеттеринде мааниге ээ болуу менен күндөн күнгө жайылып жана өнүгүп келе жатат. Бул көрүнүш муслуман өлкөлөрдө улут жана үммөт терминдеринин кайчылашуусун да туудурмакчы. Бул маселе Ислам мамлекети эмес, бирок мусулман өлкө катары Кыргыз Республикасынын жана кыргыздардын улуттук түптөлүүсүндө да негизги маселе боло тургандыгы анык. Ислам дүйнөсүндө үммөт диндик биригүү катары ал эми улут этникалык негизге таянган маданий, социалдык жана саясий институт катары каралып келет[6]. Үммөт термини тууралуу маалымат берген соң, жогорудагы көз караштын тууралыгын аныктоо максатында үмөттү улут термини менен байланыштырып кароо зарылчылыгы туулат. Коом таануучулардын айтканына караганда улутту үч түрдүү түшүндүрүүгө болот. Биринчиси, түздөн түз этникалык негиздеги биримдик. Тактап айтсак, канга жана ата тегине таянган биримдик. Кыргыз элинин санжырага таянуу менен урууларды иликтөөсүн ушул негизде чечмелөөгө болот деп ойлойбуз. Этникалык негиздеги биримдик байланышты күчөтүү менен бирге бул биримдикке ылайыктуу критерийлерге туура келбеген адамдарды мүчөлүктөн алыстатуу өзгөчөлүгүнө ээ. Ошондуктан, мындай биримдиктин саны негизинен көп болбойт. Бирок ортосундагы биримдик так жана тыгыз байланышкан. Биримдиктин ушул формасы кыргыз элинде дүйнөдөгү башка улуттардан айырмаланып өтө жогорку деңгээлде түзүлгөн. Бул көрүнүш улутту уруулардын биригүүсү менен гана түшүндүргөн көз караштардын пайда болушуна өбөлгө түзүүсү мүмкүн. Бул көз караштар бир гана ата-тек менен чектелип, маданий өзгөчөлүктөрдүн карым-катнашын жокко чыгара албайт.

Маданий карым-катнаштардын бир фактору катары улуттун аныктамасында камтылышы улуттун формасында өзгөрүүлөрдү жаратат. Бул өзгөрүү улутту жалгыз гана этникалык негизге таянбастан, маданий негизде түзүлгөн биримдик катары кароого алып келет. Улуттук түшүнүктүн бул түрүнө адамдардын маданиятында, тилинде, тарыхында жана улуттук атрибуттарында байкалган түздөн түз окшоштуктарды айтууга болот. Түрк дүйнөсү, түрк тилдүү элдер же болбосо бир тууган элдер сыяктуу аталыштар баарынан мурда маданий негиздеги улуттук түшүнүктөн өз күчүн алат. Бул биримдик биринчи маанидеги улут түшүнүгү сыяктуу тыгыз байланышты камсыз кыла албаган менен, горизонталдык жактан, мындайча айтканда өкүлдөрүнүн саны боюнча көптүгү менен айырмаланып турат.

---

[6] Anthony Giddens. Сосёложи. Даярдаган Жемал Гүзел. -Анкара, 2005. 246-247-бет.

Үчүнчү улут түшүнүгү болсо, укуктук-саясий мүнөздө болуп, белгилүү бир мамлекеттин жарандарын камтыйт. Мисалга, Франциянын атуулдары этникалык жана маданий айырмачылыгына карабастан, бардыгы француз деп аталат. Албетте, бул жерде Франциянын жана атуулдарынын кызыкчылыгы жана алардын койгон максаттары улут терминини легитимдүүлүгүн аныктайт. Айрыкча, мамлекеттин кызыкчылыгы, анын эл аралык аренадагы таасирдүүлүгү, дегеле өнүгүп өсүүсү жана күчтөнүүсү улуттук биримдиктин жана улуттук күчтөнүүнүн негизинде гана ишке ашат. Ошондуктан 19-кылымдан баштап популярдуулугун сактап келе жаткан улуттун ушундай формада түшүндүрүлүүсү учурдагы мамлекеттердин негизин түзөт.

Жогоруда улуттун чар-тараптуу аныктамасында биринчи маанидеги улут этникалык негизге таянса да, калган эки улут аныктамасы маданий жана саясий факторлор менен курчалгандыгын айтып өттүк. Улут терминини биринчи аныктамасы, кыргыздардын уруулук түзүлүшүн эске салып, кыргыз улутунун түптөлүшүндөгү негизги факторлордон бири катары кала бермекчи. Ал эми улуттун уруудан айырмаланып, кандайдыр бир орток максатка карай структуралык негизде системалашып жашоосун улантуусу, мусулман кыргыз элинин үммөт катары кабыл алынуусу менен гана баяндалат. Ошондуктан, биз улутпузбу же үммөтпүзбү суроосу логикалык жактан туура эмес. Улуттун өзү улут жана үммөт деген бөлүнүүгө ылайыкташкан институт эмес. Улут терминини экинчи жана үчүнчү маанидеги аныктамалары үммөт термини аркылуу гана түшүндүрүлөт. Анткени улут дүйнө таанымын кандайдыр бир көз карашка негиздеп түзөт. Ал эми кыргыз эли өтмүшүндө өзүнүн дүйнө таанымын белгилөөдө жанын кантип ыңгайлуу багуу менен гана чектелбестен, көптөгөн диндик ишеничтердин негизинде түзүп келген жана бул процесс негизинен кыргыздардын мусулман болуусу менен туу чокусуна жетип, ушул динде токтолуп калгандыгы бардыгыбызга айкын. Демек, улут термини моралдык жана укуктук үммөт терминине каршы келбейт. Биологиялык (этникалык) өзөк улуттун түптөлүшүндө негизги факторлордун бири катары гана каралып, улут, диндик жана идеологиялык негиздер менен да курчалып турат. Улут эмес, урууччулук менен үммөттү бири-биринин алтернативи катары кароо логикага туура келиши мүмкүн, бирок улуу кыргыз эли уруулук деңгээлде чектелип калбастан, белгилүү бир максатты белгилүү бир структуралык системанын негизинде ишке ашыруу үчүн үммөттүк өзгөчөлүктөрдү да камтып турат. Кыргыз улутуна кирген бир канча уруулардын аталышы буга мисал боло алат.

Диндин структуралык аныктамасына таянуу менен үммөт терминине баам сала турган болсок, диндик негиздеги моралдык жана укуктук принциптер өзүнө тиешелүү жеке жана коомдук личностту жаратат. Мындайча айтканда, диндик баалуулуктардын жеке адамдын жана коомдун жашоосуна негизги ролду ойношу үчүн, бул баалуулуктарга маани берген жана бул баалуулуктардын негизинде жашоого кызыкдар болгон жеке адам жана коомдун бар болуусу керек. Бул личносттук түзүлүш ошол эле мезгилде үммөттү улуттук негизде жашоо менен айкалыштырып диндин системалуу түрдө кайсыл бир убакта белгилүү бир коомдо түптөлүп өнүгүүсүн камсыз кылат. Ошондуктан үммөт жана улут бирибири менен кайчылашпастан бири моралдык негизде, ал эми экинчиси моралдык негизге таянуу менен түзүлгөн саясий-укуктук системанын субьектин баяндайт. Мындайча айтканда улут, диндик балуулуктардын негизинде түзүлгөн системаны, өзүнө ыңгайлуу чечмелеп жана ошого жараша бул баалуулуктарды колдонуучу модел катары кароо зарыл. Эгер улут менен үммөт туура эмес түшүндүрүлүп, туура эмес колдонулса, личность (киши) катары индивид (жеке адам) жана коом бул экөөнүн (улут менен үммөттүн) ортосунда калып калат. Албетте, мындай учурда кимдир бирөө этникалык негизге маани берүү менен үммөткө каршы чыкса, кимдир бирөө үммөт катары жашап, этникалык факторду четке кагышы мүмкүн. Бирок бул адам баласынын табиятына каршы келгендиктен кемтик бойдон калат. Ошондуктан, этникалык жана диндик факторлорду оптималдуу түрдө чечмелеп, кыргыз улутунун личносттук түзүлүшүн туура талдашыбыз абзел. Эгер муну мезгилинде аңдап, туура чечим чыгара албасак, кийин кеч болуп, жамандын жакшысына канаат кетиргенге мажбур болобуз...